КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ

ЧҮЙ ОБЛУСУ
ПАНФИЛОВ РАЙОНУ
ФРУНЗЕ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА

ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ
ПАНФИЛОВСКИЙ РАЙОН
ФРУНЗЕНСКИЙ АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ

# ФРУНЗЕ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИНИН СЕССИЯСЫ

## ТОКТОМ

**2026-жылдын 03-март №91** **Чалдовар айыл**

**2026-жылдын 20-мартынан 10-апрелине чейин өткөрүлүүчү айыл чарба каттоосун даярдоо жана өткөрүү үчүн акча каражатын бөлүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 88-беренесине, “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 34, 39-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 18-мартындагы №122 токтомуна жана Панфилов райондук статистика бөлүмүнүн чыгаша сметасына ылайык, Фрунзе айылдык кеңеши токтом кылат:

1. Айыл чарба каттоосуна даярдык көрүү жана аны өткөрүү иш-чаралары мамлекеттик статистиканын аймактык органдары тарабынан берилген чыгаша сметасына ылайык каржылансын.

2.Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын юстиция Министирлигине жөнөтүлсүн

3.Бул токтомдун аткарылышы жана көзөмөлдөө жагы Фрунзе айыл өкмөтүнүн башчысы Б.Т.Ашыкеевге жүктөлсүн.

**Төрага** **Дюшалиев М.К.**